***Каденова Жаннат Токтомаматовна***
***окутуучу***
***Ош мамлекеттик социалдык университет***

# БААТЫР БОЛУУЧУ БАЛАНЫН ТӨРӨЛҮШҮНӨ БАЙЛАНЫШТУУ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨР

***Каденова Жаннат Токтомаматовна***
***преподаватель***
***Ошский государственный социальный университет***

# ПОНЯТИЕ НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКИ В РОЖДЕНИИ БААТЫРА

***Kadenova Jannat Toktomamatovna***
***teacher***
***Osh State Social University***

# THE CONCEPT OF FOLK PEDAGOGY ON THE BIRTH OF BAATYR

***Аннотация:*** *Макалада «Манас» эпосундагы Манастын төрөлүшүнө байланыштуу элдик ишенимдер жана салттар чагылдырылат. Болочоктогу баатыр болуучу баланын төрөлүү процессиндеги өзгөчөлүктөр педагогикалык аспектиден талдоого алынат. Бул ойлор тексттен алынган мисалдар аркылуу бекемделет.*

***Аннотация:*** *В данной статье речь идёт о народных традициях, поверьях связанных с рождением баатыра Манас в кыргызском эпосе «Манас». Проводится анализ в педагогическом аспекте, особенности рождения будущего баатыра.*

***Annotation***: *In this article we are talking about people's traditions and beliefs associated with the birth of baatyr Manas in Kyrgyz epos «Manas». The analysis in the pedagogical aspect, especially the birth of the future baatyr.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *баатыр, эпикалык каарман, сүйүнчү, Умай-Эне, энчи, баатырдын аты, элдик салт, инсан, эпостун варианты.*

***Ключевые слова:*** *баатыр, эпический герой, умай-эне, хорошая весть,имя баатыра, народная традиция, личность, вариант эпоса.*

***Key words:*** *baatyr, epic hero, good news, name of baatyr, national traditions, personality, versions of the epic.*

«Манас» эпосунан болочок баатырга байланыштуу педагогикалык бир нече салт менен кездешебиз, булардын бири – бала төрөлөөрдө атасынын алыс кетип калышы. Жакып сүйүнчү сураган алсын деп кермеге кырк бышты, жети кур ат байлаттырып, «кыз туулса унчукпай тим болгула, эркек болсо сүйүнчүлөп баргыла» деп алысыраак жерге малга көз болгону аттанып кетет. Жолдо дагы бир белги берилет, Жакып баратса алдынан Жорго боз үйүрү жолугат, алардын ичинен каражалдуу бир кула бээ толготуп жатыптыр. Мына ушул бээ тууса, кулуну эркек болсо балама энчилейм, эгер Чыйырды уул тууса үйүрдүн айгырынын атын Жоргобуз атын жоюп, атын Камбарбоз деп коёюн, үйү-

рүнүн ургаачысын дайым ак түлөөмө соёюн, эркектеринин баарысын эр азамат мингенге согуш үчүн коёюн деп ойлойт. Кыргыз элдик педагогикасында жылкынын пири Камбар-Ата. Андыктан Жакып тулпар чыккан үйүрдүн ээсин Камбарбоз атап, жылкылардын пири, колдоочусу катары санайт. Туулуп жаткан бала менен туулуп жаткан башка бир жаныбардын бу жарык дүйнөгө бирдей келиши жана алардын бири-бирин колдоп жүрүшү баатырдык доордон калган педагогикалык салт.

Жусуп Мамайдын варианты Манастын Аккула атынын түбү Чыңгыш хандын малы болгон. Чыңгыш хандын Жакыпка айтып бергенине караганда анын куу чаар бээси үч жыл кысыр калып, үчүнчү жылы Алтайдын Айдың-Көлүнө качып кетчү экен да, кардына бала бүткөндө кайра келип калчу экен, эки асыйында бир тууп, ал кара тай аябай сулуу болуп, аны Алооке сурап алат, кийин бир тууганын Кедеңдин уулу Жолой сурап алат, үчүнчү туушун Манаска деп Жакып сурап алат [1, 355]. Бул окуядан көрүнүп тургандай баатыр менен кошо анын кийинки мине берген аты да өзгөчө сыр менен жарык дүйнөгө келүүдө. Муну кыргыздар «ат менен адамдын жаны бир» дешет. Б. Солтоноев атка мындай макалдар болгонун жазып кеткен: «желдей болуп жүргөндөн жылкы болгон», «ат, аттан соң жат», «айгыры ала болсо, кулуну кула болот», «кулун сындуу ат, бала жыттуу кыз болсо», «карып калган катындан эрөөлгө чыгар эр туубас, карып калган бээден кайкуулга минер ат туубас», «киши аты терчил, киши кийими кирчил», «ат ээси менен, баш мээси менен», «күлүк ат чапса – күлүк, сатса – пул», «ат сүрүнбөй жер таанибайт, эр сүрүнбөй эл таанибайт», «атка бербес кунан бар, кызга бербес жубан бар», «жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы», «атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны», «акыр заман аттан ажыраган жерде», «ат – адамдын канаты», «таяк тайга жеткирет, таба атка жеткирет, ат муратка жеткирет», «ат башына күн тууса, ооздук менен суу ичет», «айгырды кандай салсаң, айгырды ошондой минерсиң», «ат баспайм деген жерин үч басат», «жата берсе ат арыйт, жүрө берсе жол арбыйт», «аты жоктун буту жок», «элин сагынбас эр болбос, үйүрүн сагынбас ат болбос», «ат сыйлаган жөө баспас, эр сыйлаган эшикте калбас», «ат сүйлөшкөнчө, айбан кишенешкенче», «жакшы аттын жалын сакта, жакшы эрдин кадырын сакта», «байге аты каралаш», «азууларын аркайткан ат башына күн тубар, муруттарын шыйпайткан эр башына күн тубар», «атты арыганда көр, эрди карыганда көр» [2, 269-270].

Мына ошол тай менен бала Манастын алгачкы учурашуусу:

Жарашыгы бир далай,
Үч ай минсең чалдырбай,
Минерге чыдайт тору тай,
Шек берип сырын алдырбай [1, 361].
Кулакта күйгөн шамы бар,
Маңдайында багы бар,
Соорусуна карасаң,
Салаа-салаа калы бар,
Бабай Өмүр сылаган,
Ошол калды билип ал.
Тутам болуп кадоодой,
Азуусу чыкты жаныбар.
Курсагын жыйып тартылган,
Кулагы жалдан артылган,
Он беш күн болгон байланган,
Аркардай көзү жайнаган,
Мындай сулуу чыкпайт го,
Төрт аяктуу айбандан.
Жал, куйругу түпөктөй,
Тумшугуна караса,
Сымга тарткан күбөктөй,
Бүткөн бою жарашык,
Күмбөзгө тарткан сүрөттөй [1, 365].

Ошол тай байланганына он беш күн болгон кезинде эле керилип, суналып болочокто баатырга жарашар мал экендиги, адам менен мал бир болуп калары билинет.

Кыргыз этносун терең изилдеп, этнографиялык бай материалдарды жыйнаган С.М.Абрамзон мындай деп айткан: «Кыргыздын балдары 6-7 жашынан тартып эле, А.Н.Бернштам белгилегендей, койго (музоого) мингенди, жаа менен канаттууларды атканды, кийинчерээк тайларды мингенди үйрөнүшкөн. Кыргыздарда бул үчүн балдарга ылайыкталган ээрдин атайын тиби – айырмач болгон, бул ээр балдарга атчан жүрүүгө өз алдынча үйрөнүүгө мүмкүндүк берген. Кийинчерээк кыргыздын эркек балдары майда жырткычтарга мергенчилик кылышып, тоолордо, өз айлынан алыскы жайыттарда көчүп-конуп жүрүп, кыйын-кыстоо шарттарда атуу өнөрүн үйрөнүшкөн. Жашы жетип, болжол менен 14-15 жаш курагында кыргыз уландары атчан аскерлерге кошулуп, жоокер болгон. Уландарды аскер ишине үйрөтүүнүн негизин жеке машыктыруу түзгөн, бирок эпостун материалынан көрүнүп тургандай, тобу менен чогуу үйрөтүп машыктыруу ыгы да колдонулган. Өзүнүн теңтуштары менен аң уулап, көңүл ачып жүрүп, Манас 11-12 жашында эле жааны чебер ата билген, 13 жашында найза менен душмандарын жеңген, ал эми 14 жашында алардын айылдарын кыйраткан» [1, 562].

Ошол эпикалык доордун салтына ылайык болочокто баатыр болуучу бала менен анын мине турган, жоого киргенде аны далай ажалдан арачалап кала турган аты параллель коюлуп жатат. Мындан кыргыз элдик педагогикасынын бир катар өзгөчөлүктөрүн көрөбүз, алар:

- жаныбарларды адам менен катар коюп, аларды сүйүү, коргоо;
- болочок атынын кандай генетикалык теги бар экендигине карай анын тегин сурүштүрүү;
- жаш баланы анын кийин ат боло турган тайына өтө кичине чактан көрдүрүү, аларды бири-бирине ылымсанатуу.

Мындай ат жана адам ассоциациясы түрк-монгол фольклорундагы туруктуу мотивдерден, алардын башкы окшоштуктары: баатыр каарман менен анын мине турган атынын бир убакта туулушу; баатыр бала менен анын атынын бир короодо багылышы, бир булактан суу ичиши.

Ж. Орозобекова: «Айрым учурда элдик эпикалык чыгармаларда тулпар менен баатырдын эң байыркы калыптанган формаларын кездештиребиз. Бул эки образдын бир денеге бириккени, «бир жандык» болгондугу, же тактап айтканда, башы аттыкы, денеси адамдыкы, же тескерисинче, башы адамдыкы, денеси аттыкы өңдүү мифологиялык образдардын жаралышы ат менен адамдын ортосундагы эң жакын мамилени туюндурат», - деп айтат да, байыркы грек мифологиясындагы Кентаврдын образы түпкүлүгүндө «грек мифологиясындагы мындай образдар чыгыш жана сибирь элдеринин эпикалык чыгармаларынын таасиринде жаралган деген ойду айтууга мүмкүндүк берет. Анткени мындай мотивдер адам коомунун эң алгачкы баскычында эле оозеки түрүндө жашап келген» [4, 20], - деген жыйынтык чыгарат. Дал мына ушул кентаврдык көрүнүштү Манас менен Аккуланын биримдигине карата айтууга болот. Т. Абдыракунов түрк элдеринде тулпарлардын түбү кайыптан бүткөндүгүн, жылкыны байыркы замандан «асман жылкысы» («небесные кони»), «теңир (кудай) жылкысы» («божественные кони») деп ыйык тутарын, а түгүл мындай ыйык сактоо соңку күндөргө чейин уланып келгендигин, кайып аттар калк тарабынан кастарланып, бирок аларга адамдардын мамилеси бузулган соң көрүнбөй калгандыгын жазат [5, 154-169]. Буга б.з.ч. эле ташка чегилген Саймалы-Таш, Аравандагы Диван жылкылары жөнүндөгү эстеликтерди көрсөтүүгө болот.

Мына ошол Акуласын Манас баатыр:
Кумдуу жерге оонаткан,
Кудуктуу жерден сугарган [6, 41].

Кыргыз педагогикасы балдарды мал менен өтө жакын кармаган, алар «...төрт түлүк малды асыроого 10-12 жашынан билим жагынан да, практикалык жагынан да даяр болуп калыптанган. Уул балдар 14-17 жашында жылкычынын, сакманчынын, чабандын милдеттерин кадыресе өз алдынча аткарууга жетишкен» [7, 13]. Бул салт азыркы күнгө чейин сакталып келет, мал кароо, тай үйрөтүү, жылкы сугаруу, жылкы таптоо, аларды минүү жана суутуу эрезеге жеткен эркек балдардын милдетине кирген.

Жаңы төрөлүп жаткан баланын мекенчил баатыр болушу кыргыз элинин Умай-Эне түшүнүгү менен да байланышат. Чыйырды тогуз күн толготкондо Умай эне курсактагы балага убактың келди, жарык дүйнөгө чык деп кууса, ырыскым кайда деп бала чыккысы келбей кыйылат. Ырыскың ошол жакта деп Умай эне баланы катуулап айдап чыгат. Умай-Эне Манастын төрөлүшүнө жардам берет:

Умай эне бериште,
Урду келип баланы.
Урганына чыдабай
Ужутту көздөй барганы.
«Ак амири, чык - деди,
Айтканымды ук» - деди,
Анда бала муну айтат:
«Ыгы менен айда - деп,-
Ырыскым менин кайда? - деп.
Уруп кирди Умайың,
Ур деген улук кудайым.

Кыргыз эл педагогикасында, жалпы эле түрк-монгол эпикалык дүйнөсүнүн доорунда Умай-Эненин өз орду болгон. Түрк элдеринде эне культун Ыдук Йер-Суб жана Умай деген аттар менен аташат. Алтай, хакас, кыргыз элдеринин мифологиясында Ыдук Йер-Суб (Ыйык Жер-Суу) – Жерди жана Сууну жараткан аял-кудай тууралуу айтылат. Умай-Эне – Борбордук Азияда, Түштүк Сибирде жана Саян-Алтай аймактарында жашаган байыркы түрк калктарында эң кеңири тараган мифологиялык образ. Мисалы, биздин ата-энелер «Умай эне колдосун», «Менин колум эмес, Умай-Энемдин колу» дешет. Бала төрөлгөндөгү артындагы карамтыл такты «Умай-Эненин колунун изи» дешет. Ооруп жаткан бала жакшы болуп кетсе, «Умай-Эне айыктырып кетти» деген, же болбосо, бала уктап жатып жылмайып атса, «Умай-Энеси күлдүрүп жатат», сүйлөнгөнсүй берсе, «Умай-Энеси менен сүйлөшүп жатат» дешет. Баланын бетин «Умай-Энеси жууп коёт» деген. Баланы бешикке бөлөп жатып «Умай-Эне уйку бер» дейт, же боз үйгө жалгыз калтырып, сыртка бир азга чыгып кетсе, «Умай-Энеге калтырдым» деп кете беришет.

Жогорудагы «Манас» эпосундагы туула элек бала менен Умай-Эненин диалогу мына ошол кыргыз элинин этнопедагогикалык маданияты менен байланышат. Баланын колдоочусу да, коргоочусу да Умай-Эне болот. Демек, бала менен ыйык эненин алгачкы сүйлөшүүсү эпостун структурасында терең символикалык мааниге ээ көрүнүш.

Орхон-Эне-Сай жазууларына кирген Күл-Тегин таш эстелигинде «Умаj-тäг öгäм катун кутына інім кÿl-тäгін äр ат болды» деген сүйлөмдөр кездешет, бизче которгондо «Аны үчүн (бактыга жараша) Умай сыяктуу Улуу эне-катун колдоп, менин кичүү иним Күл-Тегин эркек аталды» [8, 265].

Жаңы эле төрөлгөн баланын куймулчагындагы карарып турган тубаса такты «Умай энеси уруп кетиптир» деп жакшылыктын белгиси катары карашкан. Мына ушул белги Манаста да пайда болот. Демек, Манас менен Умай-Эненин окуясын айтуу менен манасчылар, биринчиден, болочок баатыр тууралуу аян келгенин билдирип жатса, экинчиден, Умай-Эне тууралуу элдик педагогикалык түшүнүктү таамай ачып берүүдө.

Баланын жарык дүйнөгө келүү, б.а., төрөлүү эпизоду өзүнчө эпикалык баатырдык дастандардын традициясын, салттуу сюжеттерин кайталайт, алар кайсылар: эки колун

толтура кан чеңгелдеп түшүшү; баланын чекеси жерге тийгенде жер титиреши; энесинин баласы эркек экенин угуп, сүйүнгөндөн эси ооп жыгылышы; энесин төрөт кабыл алып жаткандардын мартуу басты дешип чочулашы; Канымжан аттуу аял баланы оромок болсо, анын тарбаңдаган колу-бутуна алы келбеши; Бакдөөлөт баланы жерден ала койсо салмагы он бештеги баладай оор экендиги; биринчи тамагы карын май болуп, бир жегенде үч карын сары майды жеп салышы; энеси эмчегин салганда бир соргондо сүт, экинчисинде суу, үчүнчү соргондо кан чыгышы; энесинин баласы эмчек ээмп жатканда чыдабай жаны чыгып кете жаздашы; бир колуна сары алтын кармап түшкөнү; баладан жүрөгү түшүп тогуз кемпир өлүп кеткенин ж.б.

Дагы бир адаттан тыш бала болуунун белгиси – Манас төрөлүп жатканда бир думана келип бул бала алты шердин кенжеси, теңдешсиз баатыр болорун айтат да, оозанткыла деп болот ок берип, кийин окту кийиминин жакасына тигип койгула деп көздөн кайым болуп кетет.

Кыргыздардын элдик педагогикасына ылайык Манас төрөлгөндө эле эки символ-белги менен төрөлөт: биринчиси – бир колуна кан кармап түшүшү (бул согуштун, өлүмдүн символу); экинчиси – башка колуна алтын кармап түшүшү (бул бийликтин, байлыктын символу). Мына ушул эки символ-белги кийин анын бүт өмүрүн, ишмердүүлүгүн, тагдырын камтыйт.

**Адабияттар:**


1. Manas: Jusup Mamay – Манас: Жүсүп Мамай [Текст] / Ж. Мамай. – Үрүмчү, 2014. – 562 б.
2. Кыргыздар: түз: К. Жусупов, К. Иманалиев. 10 томдук. 1-т., - Б.: 2004. - 269-270-б.
3. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. - Б.: «Сорос-Кыргызстан», 1999. - 562-б.
4. Орозобекова Ж. «Манас» эпосундагы тулпарлардын көркөм образдары. - Б.: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1997. - 20-б.
5. Абдыракунов Т. Бабалардан калган сөз. - Ф.: Адабият, 1990. - 154-169-б.
6. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 4-китеп. С. Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 366 б.
7. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. - Б.: 2001. - 13-б.
8. Потапов Л.П. Умай – божество древных тюрков в свете этнографических данных // Тюркологический сборник, 1972. – М.: Наука, 1973.


***Рецензент: ф.и.д., профессор***
***Байгазиев С.О.***